| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Мекеменин директорунун буйругу менен жыл ичинде кабыл алынган мугалимдер, окутуучу-көмөкчү жана кенже тейлөөчү персоналдар, окуучулар БББМСга киргизилип турат. Ал эми кеткендер маалыматтык базадан чыгарылып турат.<br>Ошондой эле окуучулардын контингенти жөнүндөгү маалымат, окуучулардын катышуусу, жетишүүсү жөнүндөгү кагаз түрүндөгү маалыматтар Мектептин окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары тарабынан чейрек сайын топтолуп, анализденет, жалпыланат. Топтолгон маалыматтар төмөнкүдөй мөөнөттөрдө сакталат: окуучулардын жазуу иштери 1 жыл мөөнөткө сакталат. Усулдук бирикмелердин отурумдарынын протоколдору 5 жылга чейин сакталат. Көчүрүү сынактары, бүтүрүү экзамендеринин жазуу иштери, токтомдору 1 жылдан кийин мектептин архивине өткөрүлүп 25 жылга сакталат. Ата-энелерден алынган анкеталар психолог тарабынан 5 жылга чейин сакталат. Жогоруда белгиленген маалыматтардан 2020-2021- окуу жылына тийешелүү болгондор электрондук вариантта жана кагаз жүзүндө салталган.<br>Мектептин стратегиялык планында билим берүүнү башкаруунун маалыматтык системасы каралган.<br>Мекеменин электрондук почтасы бар. Дареги zorobekabdrasulov@gmail.com. Ал эми мектептин сайты https://abdurasulov.mektebim.kg/<br><br>Жаңы китеп базасы ОШ-1, Д-10 отчеттуулугу автоматташтырылган.<br>Электрондук почта аркылуу Билим берүү жана илим министрлиги менен, облусттук билим берүү усулдук борбор менен, жергиликтүү бийлик жана шаардык билим берүү бөлүмү менен керектүү маалыматтарды алып жана жеткирилип турулат. Пандемия учурунда Билим берүүнү башкаруу процесси Zoom программасы аркылуу жүрдү. Мугалимдер менен керектүү маалыматтарды баарлашуу видеоконференция аркылуу | |